КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮ

ПРАВИТЕЛЬСТВО КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ ПОСТАНОВЛЕНИЕ

2011-жылдын 6-октябры, № 617

**АИВ/ЖИКСке, кургак учукка жана безгекке каршы күрөшүү боюнча Өлкөлүк координациялык комитет жөнүндө**

АИВ/ЖИКСтин, кургак учуктун жана безгектин эпидемиясы боюнча абалды оңдоо, ушул ооруларга каршы күрөшүүгө тартылган министрликтердин, ведомстволордун, мамлекеттик бийликтин башка органдарынын, мамлекеттик эмес сектордун жана эл аралык уюмдардын кызматташтыктарын чыңдоо жана иштерин координациялоону өркүндөтүү, башкаруунун ачык процессин камсыздоо жана АИВ/ЖИКСке, кургак учукка жана безгекке каршы күрөшүү үчүн Глобалдык фонддун гранттарын, улуттук программалардын негизинде ишке ашырылып жаткан АИВ/ЖИКСтин, кургак учуктун жана безгектин эпидемияларына каршы күрөшүүгө мамлекет жана башка донор уюмдар тарабынан бөлүнгөн ресурстарды натыйжалуу ишке ашыруу үчүн бардык кызыкдар тараптардын арасында өнөктөштүктү түзүү максатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтү токтом кылат:

1. АИВ/ЖИКСке, кургак учукка жана безгекке каршы күрөшүү боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Өлкөлүк координациялык комитет түзүлсүн.

2. Тиркелгендер бекитилсин:

- АИВ/ЖИКСке, кургак учукка жана безгекке каршы күрөшүү боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Өлкөлүк координациялык комитет жөнүндө жобо;
- АИВ/ЖИКСке, кургак учукка жана безгекке каршы күрөшүү боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Өлкөлүк координациялык комитеттин курамы.

3. Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп эсептелсин:

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 24-августундагы № 372 «Социалдык мааниге ээ жана өзгөчө коркунучтуу инфекциялык оорулар боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Өлкөлүк көп сектордуу координациялык комитет түзүү жөнүндө» токтому;

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮ

ПРАВИТЕЛЬСТВО КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ ПОСТАНОВЛЕНИЕ

от 6 октября 2011 года № 617

**О Страновом координационном комитете по борьбе с ВИЧ/СПИДом, туберкулезом и малярией**

В целях стабилизации эпидемий ВИЧ/СПИДа, туберкулеза и малярии, укрепления сотрудничества и совершенствования координации деятельности министерств, ведомств, иных органов государственной власти, негосударственного сектора и международных организаций, вовлеченных в борьбу с данными заболеваниями, обеспечения открытых процессов управления и создания партнерства среди всех заинтересованных сторон в целях эффективной реализации грантов Глобального фонда для борьбы со СПИДом, туберкулезом и малярией, ресурсов, выделяемых государством и другими донорскими организациями на борьбу с эпидемиями ВИЧ/СПИДа, туберкулеза и малярии, реализуемых на основе государственных программ, Правительство Кыргызской Республики постановляет:

1. Создать Страновой координационный комитет по борьбе с ВИЧ/СПИДом, туберкулезом и малярией при Правительстве Кыргызской Республики.

2. Утвердить прилагаемые:

- Положение о Страновом координационном комитете по борьбе с ВИЧ/СПИДом, туберкулезом и малярией при Правительстве Кыргызской Республики;
- состав Странового координационного комитета по борьбе с ВИЧ/СПИДом, туберкулезом и малярией при Правительстве Кыргызской Республики.

3. Признать утратившими силу:

- постановление Правительства Кыргызской Республики «Об образовании Странового многосекторального координационного комитета по социально значимым и особо опасным инфекционным заболеваниям при Правительстве Кыргызской Республики» от 24 августа 2007 года № 372;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 16-ноябрындагы № 552 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 24-августундагы № 372 «Социалдык мааниге ээ жана өзгөчө коркунучтуу инфекциялык оорулар боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Өлкөлүк көп сектордуу координациялык комитет түзүү жөнүндө» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" токтому;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 6-октябрындагы № 567 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 24-августундагы № 372 «Социалдык мааниге ээ жана өзгөчө коркунучтуу инфекциялык оорулар боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Өлкөлүк көп сектордуу координациялык комитет түзүү жөнүндө» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" токтому;

4. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

5. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын социалдык камсыздоо, саламаттык сактоо, эмгек жана миграция бөлүмүнө тапшырылсын.

**Кыргыз Республикасынын**
**Биринчи**
**вице-премьер-министри,**
**Премьер-министрдин**
**милдетин аткаруучу** **Ө.Бабанов**

- постановление Правительства Кыргызской Республики «О внесении изменений в постановление Правительства Кыргызской Республики от 24 августа 2007 года № 372 «Об образовании Странового многосекторального координационного комитета по социально значимым и особо опасным инфекционным заболеваниям при Правительстве Кыргызской Республики» от 16 ноября 2007 года № 552;

- постановление Правительства Кыргызской Республики «О внесении изменений в постановление Правительства Кыргызской Республики от 24 августа 2007 года № 372 «Об образовании Странового многосекторального координационного комитета по социально значимым и особо опасным инфекционным заболеваниям при Правительстве Кыргызской Республики» от 6 октября 2008 года № 567.

4. Настоящее постановление вступает в силу со дня официального опубликования.

5. Контроль за исполнением настоящего постановления возложить на отдел социального обеспечения, здравоохранения, труда и миграции Аппарата Правительства Кыргызской Республики.

**Первый**
**вице-премьер-министр,**
**исполняющий обязанности**
**Премьер-министра**
**Кыргызской Республики** **О.Бабанов**

Кыргыз Республикасынын
Өкмөтүнүн 2011-жылдын
"6" 10
№ 617 токтому менен
бекитилген

**АИВ/ЖИКСке, кургак учукка жана безгекке каршы күрөшүү боюнча Өлкөлүк координациялык комитет жөнүндө жобо**

**1. Жалпы жоболор**

1. АИВ/ЖИКС, кургак учук жана безгек менен күрөшүү боюнча Өлкөлүк координациялык комитет (мындан ары – ӨКК) АИВ/ЖИКС, кургак учук жана безгек менен күрөшүү боюнча иш-чараларга тартылган министрликтердин, мамлекеттик комитеттердин, административдик ведомстволордун, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, эл аралык, коммерциялык жана коммерциялык эмес, диний жана билим берүү уюмдарынын, жалпыга маалымдоо каражаттарынын жана жарандык секторлордун, ошондой эле менчик түрүнө карабастан, юридикалык жактардын ишмердүүлүгүн оптималдаштыруу жана координациялоо үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан түзүлгөн өз ишмердигин коомдук башталыштарда жүргүзгөн улуттук координациялык кеңеш болуп саналат.

2. ӨКК өз ишинде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, ошондой эле ушул Жобону жетекчиликке алат.

Кыргыз Республикасынын ӨКК ишмердүүлүгүн уюштуруу АИВ/ЖИКС, кургак учук жана безгек менен күрөшүү үчүн Глобалдык фонддун (мындан ары – Глобалдык фонд) жана өнүктүрүү боюнча башка эл аралык өнөктөрдүн сунуштамаларына ылайык жүзөгө ашырылат.

**2. Ишмердүүлүгүнүн максаты, милдеттери жана принциптери**

3. Кызыкдар мамлекеттик органдардын, ошондой эле өкмөттүк эмес жана коомдук уюмдардын АИВ/ЖИКС, кургак учук жана безгек менен күрөшүүдө техникалык жардам көрсөтүүчү эл аралык уюмдар менен ишти координациялоо маселелерин чечүүдө өз ара аракеттешүүнү камсыз кылуу ӨКК ишинин максаты болуп саналат.

4. ӨКК максатына жетүү үчүн төмөнкү милдеттерди ишке ашырат:

- жалпы координациялоону жана ЖИКС, кургак учук жана безгек боюнча Кыргыз Республикасынын улуттук программаларын ишке ашыруу процессин башкарууну камсыз кылууну;

Утверждено
постановлением Правительства
Кыргызской Республики
от « 6 » 10 2011 года
№ 617

**Положение о Страновом координационном комитете по борьбе с ВИЧ/СПИДом, туберкулезом и малярией**

**1. Общие положения**

1. Страновой координационный комитет по борьбе с ВИЧ/СПИДом, туберкулезом и малярией (далее - СКК) является национальным координационным советом, осуществляющим свою деятельность на общественных началах, созданным Правительством Кыргызской Республики для координации и оптимизации деятельности министерств, государственных комитетов, административных ведомств, местных государственных администраций, органов местного самоуправления, международных, коммерческих и некоммерческих, религиозных и образовательных организаций, средств массовой информации и гражданского сектора, а также других юридических лиц, независимо от форм собственности, вовлеченных в мероприятия по борьбе с ВИЧ/СПИДом, туберкулезом и малярией.

2. СКК в своей деятельности руководствуется законодательством Кыргызской Республики, а также настоящим Положением.

Организация деятельности СКК Кыргызской Республики осуществляется в соответствии с рекомендациями Глобального фонда для борьбы с ВИЧ/СПИДом, туберкулезом и малярией (далее – Глобальный фонд) и других международных партнеров по развитию.

**2. Цель, задачи и принципы деятельности**

3. Целью деятельности СКК является обеспечение взаимодействия заинтересованных государственных органов, а также некоммерческих и общественных организаций в решении вопросов координации работы с международными организациями, предоставляющими техническую помощь в борьбе с ВИЧ/СПИДОМ, туберкулезом и малярией.

4. Для достижения цели СКК реализует следующие задачи:

- обеспечение общей координации и управление процессом реализации программ Кыргызской Республики по СПИДу, туберкулезу и малярии;

- өлкөнүн артыкчылыктуу муктаждыктарынын негизинде Глобалдык фондго улуттук табыштамаларды даярдоо жана берүү ишин координациялоону;

- Глобалдык фонддун гранттарын пайдаланышын, программаларды жана иш чараларды ишке ашыруу процессин жана алардын натыйжаларын көзөмөлгө алууну;

- Глобалдык фонддон алынган жардам менен үч ооруга каршы (ЖИКС, кургак учук жана безгек) күрөшүү боюнча жана бардык программалардын алкагында алынган жардамдардын ортосундагы өз ара аракеттерди жана ырааттуулукту камсыз кылууну.

5. ӨКК төмөнкү принциптердин негизинде иштейт:

- ишинин ачык-айкындыгы;

- мамлекеттик жана мамлекеттик эмес секторлордун өнөктөштүгү;

- анын ишине АИВ/ЖИКС, кургак учук же безгек менен жашаган же жабыркаган адамдардын катышуусу;

- чечимдерди демократиялык негизде кабыл алуу (бардык секторлордун ж.б. өкүлдөрүнүн добуштарынын тең укуктуулугу);

- Кыргыз Республикасында АИВ/ЖИКС, кургак учук жана безгектин туташ жайылышы менен күрөшүүдө бардык кызыкдар тараптардын кызматташтыгы жана өнөктөштүгү;

- кызыкчылыктардын карама-каршылыгын болтурбоо.

### 3. Укуктар жана милдеттер

6. ӨКК төмөнкүлөргө укуктуу:

- Глобалдык фонддун грантын негизги алуучунун функцияларын жүзөгө ашырууга жөндөмдүү бир же бир нече уюмдарды тандоого;

- Глобалдык фонддон грант/каржылоо алууга билдирмелер боюнча чечим кабыл алууга;

- негизги алуучулардын жана кошо алуучулардын ӨКК жана Глобалдык фонд тарабынан жактырылган иш чараларды аткарууларын жана программаларды ишке ашырууларын контролдоого;

- иштеп чыккан "Көзөмөлгө алуу планына" ылайык өлкөдө Глобалдык фонддун бардык гранттарынын пайдаланылышын жана ишке ашырылып жаткан иш чаралардын жана программалардын ишке ашырылышын көзөмөлгө алууга;

- гранттарды негизги алуучулардын жана кошо алуучулардын отчетторун үзгүлтүксүз жана зарыл болгондо кезексиз угууга;

- Глобалдык фонддун жана башка эл аралык уюмдардын программаларын ишке ашыруу планына жана программалардын бөлүмчөлөрүн каржылоо артыкчылыгына өзгөртүүлөрдү сунуш кылууга;

- негизги алуучуга гранттардын негизги кошо алуучуларын алмаштырууну сунуштоого;

- Глобалдык фондго гранттардын негизги алуучуларын алмаштырууну сунуштоого;



- координация подготовки и подачи национальных заявок в Глобальный фонд на основе приоритетных потребностей страны;

- осуществление надзора за использованием грантов Глобального фонда, процессом реализации программ и мероприятий, и их результатами;

- обеспечение взаимодействия и согласованности между помощью, получаемой от Глобального фонда, и помощью, получаемой в рамках всех программ по борьбе с тремя заболеваниями (СПИД, туберкулез и малярия).

5. СКК функционирует на основе принципов:

- прозрачности деятельности;

- партнерства государственного и негосударственного секторов;

- участия в его деятельности лиц, живущих или пострадавших от ВИЧ/СПИДа, туберкулеза или малярии;

- принятия решений на демократической основе (равное право голоса представителей всех секторов и т.д.);

- сотрудничества и партнерства всех заинтересованных сторон в борьбе с эпидемиями ВИЧ/СПИДа, туберкулеза и малярии в Кыргызской Республике;

- исключения конфликта интересов.

### 3. Права и обязанности

6. СКК имеет право:

- выбирать одну или несколько организаций, которые способны осуществлять функции основного получателя гранта Глобального фонда;

- принимать решение по заявкам на получение гранта/финансирования от Глобального фонда;

- контролировать выполнение мероприятий и реализацию программ основными получателями и субполучателями согласно заявке страны, одобренной СКК и Глобальным фондом;

- осуществлять надзор за использованием всех грантов Глобального фонда в стране и за качеством реализуемых мероприятий и программ согласно разработанному «Плану надзора»;

- регулярно и при необходимости внепланово заслушивать отчеты основных получателей и субполучателей грантов;

- рекомендовать изменения в планы реализации программ Глобального фонда, других международных организаций и приоритетность финансирования компонентов программ;

- рекомендовать основному получателю поменять основных субполучателей грантов;

- рекомендовать Глобальному фонду поменять основных получателей грантов;

- Глобалдык фонддун гранттары жана бүткүл өлкөнүн аймагындагы башка булактар менен каржыланган үч ооруу боюнча ишке ашырылып жаткан программалардын жана долбоорлордун стратегиялык мониторингин жүргүзүүгө;

- негизги алуучунун жана/же алуучулардын ишинин натыйжалуулугун кошо алганда, бул программалардын натыйжалуулугун баалоого; Глобалдык фонддон каржылоонун адегенде жактырылган эки жылдык мөөнөтү бүткөнгө чейин каржылоону улантуу жөнүндө табыштаманы кароого киргизүүгө;

- Глобалдык фонд, саламаттыкты сактоо жана социалдык колдоо көрсөтүү жагындагы башка программалар тарабынан каржылануучу долбоорлордун ортосундагы байланышты жана ыраattуулукту камсыз кылууга;

- ушул Жобого ылайык өзүнүн ички эрежесин жана жобосун иштеп чыгууга жана бекитүүгө;

- эгерде өзгөрүлгөн шарттар жана муктаждыктар талап кылса, өлкөгө бөлүнгөн гранттардын алкагында финансылык каражаттарды кайра багыттоого жана кайра бөлүштүрүүгө.

7. ӨКК төмөнкүлөргө милдеттүү:

- Глобалдык фонд жана өнүктүрүү боюнча башка өнөктөштөр тарабынан колдоого алынган программаларды иштеп чыгууда жана жүзөгө ашырууда айкын өнөктөштүк мамилелердин принцибинде аракеттенүү жана чечимдерди кабыл алууда толук ачык айкын болууга;

- бардык мүчөлөрдү чечимдерди кабыл алуу процессине катышуу жана өз пикирлерин айтуу укугуна ээ тең ата өнөктөштөр катары кароого;

- көз карашын көрсөтүү жана алардын алдында отчет берүү үчүн, өздөрүнүн документтелген жана ачык жол-жоболорунун негизинде өздөрүнүн коомчулуктары тарабынан шайлануулары тийиш болгон мамлекеттик эмес сектордун өкүлдөрүн, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан өкүлдөнгөн мамлекеттик өкүлдөрдү кошууга;

- өлкөдөгү бардык кызыкдар тараптар менен байланышты кармоого, алардын ой-пикирлерин айтуу жана өз иштеринде алардын кызыкчылыктарын ишке ашыруу үчүн, алардын атынан чыккан тараптар менен үзгүлтүксүз жолугушууларды өткөрүп турууга;

- бардык тиешелүү кызыкдар тараптардын жумушка катышууларын жана бул процесстин коомчулук үчүн ачык айкындыгын камсыз кылууга, ошондой эле бардык кызыкдар тараптардын арасында Глобалдык фондго тийиштүү маалыматтарды таратууга (ӨКК тарабынан кабыл алынган билдирмелерди, чечимдерди кабыл алуу жөнүндө жарыяларды жана каржылоо алуу үчүн жактырылган долбоорлор боюнча кеңири маалыматтарды);

- Глобалдык фонддун каражаттарынын үзүрлүү пайдаланылышы жөнүндө отчетторду Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө, жалпыга маалымдоо каражаттарына берүүгө;



- проводить стратегический мониторинг реализуемых программ и проектов по трем заболеваниям, финансируемых грантами Глобального фонда и другими источниками на территории всей страны;

- оценивать эффективность этих программ, включая эффективность работы основного получателя и/или получателей; предоставлять на рассмотрение заявку о продолжении финансирования до истечения срока действия изначально одобренного двухгодичного финансирования от Глобального фонда;

- обеспечивать связь и согласованность между проектами, финансируемыми Глобальным фондом, другими программами в области здравоохранения и социальной поддержки;

- разрабатывать и утверждать, в соответствии с настоящим Положением, свои внутренние правила и положения;

- перенаправлять или перераспределять финансовые средства в рамках выделенных стране грантов, если того требуют изменившиеся условия или потребности.

7. СКК обязан:

- действовать на принципах реальных партнерских отношений при разработке и осуществлении программ, поддерживаемых Глобальным фондом и другими партнерами по развитию, быть полностью прозрачным в принятии решений;

- рассматривать всех членов как равных партнеров, наделенных полным правом участвовать и высказывать свое мнение в процессе принятия решений;

- включать представителей негосударственного сектора, которые должны быть избраны своими сообществами на основе собственной документированной и прозрачной процедуры, а также представителей государственного сектора, делегированных Правительством Кыргызской Республики;

- поддерживать связь со всеми заинтересованными сторонами в стране, в индивидуальном порядке проводить регулярные встречи с теми, кого они представляют, чтобы озвучивать их мнения и реализовывать их интересы в своей деятельности;

- обеспечивать участие в работе всех соответствующих заинтересованных сторон и прозрачность этого процесса для общественности, а также распространять среди всех заинтересованных сторон информацию, которая относится к Глобальному фонду (объявления о приеме заявок, решения, принимаемые СКК, подробная информация по проектам, одобренным для получения финансирования);

- отчитываться на ежегодной основе об эффективном использовании средств Глобального фонда перед Правительством Кыргызской Республики и в средствах массовой информации;

- мобилизовывать ресурсы для деятельности СКК.

- ӨКК иши үчүн ресурстарды мобилизациялоого.

## 4. ӨКК түзүмү

8. ӨКК жыйыны ӨКК жогорку органы болуп саналат.

9. ӨКК курамына мамлекеттик жана мамлекеттик эмес секторлордун өкүлдөрү кирет.

Мамлекеттик сектордон: Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттары (макулдашуу боюнча), ЖИКС, кургак учук жана безгек менен күрөшүүгө тартылган аткаруу бийлигинин органдарынын, тармактык жогорку окуу жайлар жана менчиктин мамлекеттик түрүнө негизделген башка кызыкдар уюмдар.

Мамлекеттик эмес сектордон – төмөнкүлөрдүн атынан чыгуучу ар кыл уюмдар:

- аялдардын, жаштардын, азчылыктын, аз камсыз болгон топтордун кызыкчылыктарын;
- диний уюмдар;
- кесиптик жана академиялык ассоциациялар жана союздар;
- АИВ/ЖИКС, кургак учук же безгек менен жашаган же жабыркаган адамдардын уюмдары жана бирикмелери;
- жеке менчик коммерциялык уюмдар;
- эл аралык өнөктөш агенттиктер;
- Кыргыз Республикасында иштеп жаткан жана АИВ/ЖИКС, кургак учук жана безгек менен күрөшүүгө техникалык жардам көрсөткөн, саламаттык сактоонун башка чөйрөлөрүндө иштеп жаткан эл аралык өкмөттүк эмес уюмдар.

10. ӨКК ушул Жобонун негизинде шайланган мүчөлөрдөн - мамлекеттик жана мамлекеттик эмес секторлордун өкүлдөрүнөн, ошондой эле өз иштерин коомдук башталышта жүзөгө ашыруучу өнүгүү боюнча өнөктөштөрдөн турат.

ӨКК 23 (жыйырма үч) мүчөдөн турат, шайлоо тартиби ушул Жобо менен аныкталат.

11. Мамлекеттик эмес сектордун өкүлдөрүнүн курамы ӨКК мүчөлөрүнүн жалпы санынын 40 пайыздан кем эмесин түзүшү керек.

12. ӨКК ар бир мүчөсүнүн өз альтернаты болот.

Негизги өкүл болбогон учурда, ӨКК жыйындарында альтернат добуш берүү укугу менен катышат. Альтернат негизги мүчө болгон учурда ӨКК жыйынына добуш берүү укугу жок катыша алат. Альтернатты тандоонун тартиби ӨКК ички жоболору менен аныкталат.

13. ӨКК эки комитеттен турат:

- Табыштамаларды даярдоо, ресурстарды мобилизациялоо, гармонизациялоо боюнча комитет;
- Глобалдык фонддун гранттарынын каражаттарынын чыгымдалышына, программаларды жүзөгө ашырууга жана аларды жайылтуунун натыйжаларын өнүктүрүүгө көзөмөл жүргүзүү комитети.



## 4. Структура СКК

8. Высшим органом СКК является заседание СКК.

9. В состав СКК входят представители государственного и негосударственного секторов.

От государственного сектора: депутаты Жогорку Кенеша Кыргызской Республики (по согласованию), представители органов исполнительной власти, задействованные в борьбе со СПИДом, туберкулезом и малярией; профильные высшие учебные заведения и другие заинтересованные организации, основанные на государственной форме собственности.

От негосударственного сектора – различные организации:

- представляющие интересы женщин, молодежи, меньшинств, уязвимых групп;
- религиозные организации;
- профессиональные и академические ассоциации и союзы;
- организации и объединения людей, живущих или пострадавших от ВИЧ/СПИДа, туберкулеза или малярии;
- частные коммерческие организации;
- международные партнерские агентства;
- международные неправительственные организации, работающие в Кыргызской Республике и предоставляющие техническую помощь в борьбе с ВИЧ/СПИД, туберкулезом и малярией и в других сферах здравоохранения.

10. СКК состоит из выбранных на основе настоящего положения членов - представителей государственного и негосударственного секторов, а также партнеров по развитию, которые осуществляют свою деятельность на общественных началах.

СКК состоит из 23 (двадцати трех) членов, порядок выборов которых определяется настоящим Положением.

11. Состав представителей от негосударственного секторов должен составлять не менее 40 процентов от общего количества членов СКК.

12. Каждый член СКК имеет своего альтерната.

В случае отсутствия основного представителя альтернат участвует на заседаниях СКК с правом голоса. Альтернат может посещать заседания СКК в присутствии основного члена, без права голоса. Порядок выбора альтерната определяется внутренними положениями СКК.

13. СКК состоит из двух комитетов:

- Комитет по подготовке заявок, мобилизации ресурсов, гармонизации;
- Комитет по осуществлению надзора за расходованием средств грантов Глобального фонда, осуществлением программ и результатами их внедрения.

14. Участие членов СКК в том или ином комитете определяется на заседаниях СКК.

14. ӨКК мүчөлөрүнүн башка комитеттерге катышуусу ӨКК жыйындарында аныкталат.

15. ӨКК аткаруу органы болуп Башкармалык саналат.

16. Башкармалыктын курамы:

- Төрага;
- Төраганын эки орун басары;
- ӨКК комитеттеринин координаторлору.

Төрага жана орун басарлар ар түрдүү секторлордон болуш керек.

17. Башкармалыктын Төрагасы жана орун басарлары кворум болгондо (ӨКК мүчөлөрүнүн жалпы санынын 50%дан көбү), ӨКК жыйналыштарында ачык добуш берүү жолу менен, жөнөкөй көпчүлүк добуш менен (катышкандардын санынан) эки жылдык мөөнөткө катары менен экиден көп эмес мөөнөткө шайланат.

18. Төраганын жана орун басарлардын кызматына көрсөтүүнүн тартиби ӨКК жыйындарында бекитилген ӨКК ички жоболорунда аныкталат.

Төраганын жана анын орун басарларынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда алып салуу маселелери ӨКК жыйындарында бекитилген ички эрежелер менен аныкталат.

19. ӨКК Катчылыгы (мындан ары – Катчылык) ӨКК жумушчу органы болуп саналат. Катчылыкты конкурстук тандап алуу жолу менен башкармалык тарабынан дайындалган Жооптуу катчы башкарат.

Конкурстук тандоону жүргүзүү тартиби ӨКК жыйналыштарында бекитилген ички жоболор менен аныкталат. Жооптуу катчы ӨКК алдында отчет берет.

20. Катчылык ӨКК тарабынан Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарга ылайык өз алдынча башкаруу принциптеринде түзүлөт.

21. Катчылык ӨКК жыйындарында бекитилген ички жоболордун негизинде иш алып барат.

22. ӨКК жыйындарында ӨКК бюджети, чыгымдар сметасы, штаттык түзүмү, катчылыктын түзүмү жана функциялары бекитилет.

## 5. ӨКК жана анын органдарынын функциялары

23. ӨКК функциялары:

- стратегияны биргелешип иштеп чыгууга ар кандай катышуучуларды (министрликтерди, коомчулукту ж.б.) тартып, Глобалдык фонддон каржылоо алууга бирдиктүү улуттук табыштама көрсөтүү боюнча ишти координациялоо;
- программаны ишке ашырууга жетишпеген каржылоо көлөмүн аныктоо;
- Глобалдык фонддун талаптарына ылайык ӨКК уюштуруу жана натыйжалуу иштетүү;



15. Исполнительным органом СКК является Правление.

16. Состав Правления:

- председатель;
- два заместителя председателя;
- координаторы комитетов СКК.

Председатель и заместители должны представлять разные сектора.

17. Председатель и заместители Правления избираются на заседании СКК путем закрытого голосования, простым большинством голосов (от количества присутствующих) при наличии кворума (более 50 % от общего количества членов СКК) сроком на два года, не более чем на два срока подряд.

18. Порядок выдвижения на пост Председателя и заместителей определяется внутренними положениями СКК, утвержденными на заседаниях СКК.

Вопросы досрочного сложения полномочий Председателя и его заместителей определяются внутренними правилами, утвержденными на заседаниях СКК.

19. Рабочим органом СКК является Секретариат СКК (далее - Секретариат). Секретариат возглавляет Ответственный секретарь, назначаемый Правлением СКК путем конкурсного отбора.

Порядок проведения конкурсного отбора определяется внутренними положениями, утверждаемыми на заседаниях СКК. Ответственный секретарь подотчетен СКК.

20. Секретариат создается СКК на принципах самоуправления в соответствии с действующим законодательством Кыргызской Республики.

21. Секретариат действует на основании внутренних положений, утверждаемых на заседаниях СКК.

22. На заседаниях СКК утверждается бюджет, смета расходов СКК, штатное расписание, структура и функции Секретариата.

## 5. Функции СКК и его органов

23. Функции СКК:

- координация работы по представлению единой национальной заявки на получение финансирования от Глобального фонда, привлекая к совместной разработке стратегии различных участников (министерства, общественность и т.д.);
- определение объема недостающего финансирования для реализации действующих программ;
- организация и эффективное функционирование СКК в соответствие с требованиями Глобального фонда;
- гармонизация проектов Глобального фонда с другими существующими проектами и программами в рамках реализации программ по трем заболеваниям;
- надзор за выполнением грантов Глобального фонда;

- Глобалдык фонддун долбоорлорун үч оору боюнча программаларды ишке ашыруу алкактарында башка тиешелүү долбоорлор жана программалар менен эриш-аркак келтирүү;

- Глобалдык фонддун грантынын аткарылышын көзөмөлдөө;

- Глобалдык фонддун гранттарынын негизги алуучуларын тандоо;

- АИВ/ЖИКС кургак учук жана безгек боюнча Глобалдык фондго табыштамаларды даярдоо жана берүү процессин башкаруу;

- ички эрежелерди жана жол-жоболорду бекитүү;

- ӨКК жыйындарынын документтерин жүргүзүү жана Глобалдык фонд менен ӨКК атынан чыгуучу секторлордун ортосунда маалыматтарды алмашуу.

24. ӨКК мүчөлөрүнүн укугу:

- өз ой пикирин ачык билдирүү;

- Башкармалыктын Төрагасынын жана орун басарларынын, тармактык комитеттердин координаторлорунун кызмат орундарына талапкерлерди сунуш кылуу, ошондой эле ушул кызмат орундарына өзүн талапкер катары көрсөтүү;

- кызыкчылыктардын карама-каршылыктары болгон маселелерди кошпогондо, кандай гана маселелер боюнча болбосун, добуш берүүгө жана чечимдерди кабыл алууга катышуу;

- ӨКК жыйындары жөнүндө өз убагында маалыматтарды алуу, ошондой эле ӨКК ишине жана ӨКК мүчөсү катары өзүнүн милдеттерин аткарууга байланышкан бардык материалдарды жана маалыматтарды алуу;

- ӨКК мүчөлөрүнүн кимисинен гана болбосун кызыкчылыктарынын карама-каршылыктары жөнүндө билдирүү.

ӨКК мүчөсүнүн укуктары альтернатка да колдонулат.

25. ӨКК мүчөлөрүнүн милдеттери:

- ушул Жобонун, ӨКК ишин жөнгө салуучу башка документтердин талаптарын аткаруу;

- ӨКК жыйындарына катышуу;

- ӨКК ишине жана АИВ/ЖИКС, кургак учук жана безгектин өлкөдөгү эпидемиялык абалына байланыштуу документтерди иликтөө жана талдоо;

- тармактык комитеттердин ишине катышуу;

- чечимдерди кабыл алууга активдүү катышуу жана өз коомдоштугунун жана жалпы сектордун кызыкчылыгын коргоо максатында өзүнүн добуш берүү укугун пайдалануу;

- ӨКК жыйындарынын чечимдерин урматтоо жана аткаруу;

- өзүнүн же өз уюмунун ой пикирине карабастан, өзүнүн коомдоштугунун жана өз секторунун кызыкчылыгындагы ой пикирди билдирүү;

- ӨКК иши жана чечимдери жөнүндө кабарландыруу жана кайтарылма байланышты камсыз кылуу максаттарында өз секторунун уюмдары жана өкүлдөрү же коомдоштугу менен үзгүлтүксүз жолугушууларды өткөрүү;



- выбор основных получателей грантов Глобального фонда;

- управление процессом подготовки и подачи заявок по ВИЧ/СПИДу, туберкулезу и малярии в Глобальный фонд;

- утверждение внутренних правил и процедур;

- ведение документации заседаний СКК и обмен информацией с Глобальным фондом и секторами, представленными в СКК.

24. Права членов СКК:

- открыто выражать свое мнение;

- предлагать кандидатов на должность председателя Правления и заместителей, координаторов профильных комитетов, а также выдвигать себя в качестве кандидатов на данные должности;

